# ALTERNATIVA FILM AWARDS 2023-ЖЫЛКЫ СЫЙЛЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КЫСКАЧА ТИЗМЕСИН ЖАРЫЯЛАЙТ

*Alternativa Film Awards сыйлыгына талапкерлердин кыска тизмесине Борбор Азия жана башка Азия өлкөлөрүнөн 14 толук метраждуу жана 7 кыска метраждуу кино кирди. Жеңүүчүлөр 2023-жылдын 2-декабрында Алматыда өтө турган биринчи сыйлык тапшыруу аземинде жарыяланат.*

Сыйлыктын тандоо комиссиясы толук метраждуу финалисттердин тизмесине 8 көркөм жана 6 даректүү кинону киргизген. Тизмеде Асхат Кучинчирековдун “Бауырына салуу” (Казакстан), Мирлан Абдыкалыковдун “Кыз ала качуу” (Кыргызстан), Жаңыл Жусупжандын “Вахан туткуну” (Кыргызстан), Михаил Бородиндин “Пахта 100%” (Өзбекстан), Катерина Суворованын «Коркпо» (Казакстан), Шокир Холиковдун «Жекшемби» (Өзбекстан), Шарипа Уразбаеванын «Тул» (Казакстан), Нуржамал Карамолдоева жана Султана Усувалиеванын «Кийинкиси ким?» (Кыргызстан), Анна Изабель Матутинанын “12 жума” (Филиппин), Реза Жамалинин “Баласыз айыл” (Иран), Юджон Но, Юн Ли, Дабин Ан жана Соён Кимдин “Хаел” (Түштүк Корея), Хаобам Пабан Кумардын "Жусуптун уулу" (Индия), Раджан Катет жана Сунир Пандейдин "Кышкы каникул болбойт" (Непал) жана Лубдхак Чаттерджинин “От менен суунун шыбыры” (Индия) аттуу кинолор бар.

Alternativa Film Awards номинанттарынын кыска тизмеси көз карандысыз эксперттердин корутундусунун негизинде жана Борбор Азия жана башка Азия өлкөлөрүндөгү фестивалдардын жана маданий борборлордун кураторлорунан, киносынчылардан, режиссёрлордон, продюсерлерден, маданий иш-чараларды чагылдырган журналисттерден турган сыйлыктарды тандоо комитети тарабынан түзүлгөн. Сыйлыкка жалпысынан 25 өлкөдөн 350дөн ашык кино келген. Катышуучулардын кыска тизмеси alternativa.film сыйлыгынын расмий сайтында жарыяланган.

**Гүлнара Абикеева,** Alternativa Film Awardsтын тандоо комиссиясынын мүчөсү: “Биз тандап алган тасмалар кандайдыр бир мааниде Борбор Азиядагы кинотеатрларда басымдуулук кылып жаткан киного альтернатива болуп саналат. Башкача айтканда, көңүл ачуучу киного альтернатива. Бул кинолор бизди ойлондурат, социалдык көйгөйлөрдү көтөрүп чыгат жана бир саамга токтоп, чындыкка жаңыча көз караш менен кароого чакырат. Демек, бул кино биздин жашообузду өзгөртөт. Биз муну адамдарга, коомго, ар бирибизге таасир тийгизген социалдык импакт деп атадык. Адам укуктары, реалдуулукту өзгөртүүдөгү инсандын ролу, миграция көйгөйлөрү, гендердик теңчилик, цивилизациялык көйгөйлөр – мунун баары бул тасмаларда ачык чагылдырылган. Тандоо ийгиликтүү болдубу? Албетте, буга арыздардын саны гана эмес, жөнөтүлгөн тасмалардын сапаты да далил боло алат. Бул өз кезегинде биздин сыйлыктын канчалык деңгээлде зарыл экенин көрсөтүп турат”.

**Лиза Сурганова,** Alternativa Film Awardsтын жетекчиси: “Биз Alternativa Film Awards сыйлыгынын биринчи жылында эле 25 өлкөдөн катышуучуларды тартып, ошол эле учурда Борбор Азиянын кино тармагына басым жасоо менен сыйлыктын эл аралык статусун бекемдей алганыбызга абдан кубанычтабыз. Кыска тизмеге киргизилген көркөм тасмалардын жарымынан көбү фокустук аймак тарабынан көрсөтүлгөн. Сыйлыкка сунушталган 350дөн ашык кинотасмаларды көрүп чыгып, аларды ар түрдүү темадагы сыйлыкка сунуштоо менен бирге аты таанылып калган режиссерлор менен профессионалдык карьерасын жаңыдан баштап келе жаткан авторлорго бирдей көңүл бурган көз карандысыз тандоо комиссиясынын мүчөлөрүнө ыраазычылык билдиребиз. Эми биз Alternativa Film Awards сыйлыгынын биринчи жеңүүчүлөрүн аныктай турган эл аралык калыстар тобунун чечимин чыдамсыздык менен күтүп жатабыз”.

Сыйлыктын жеңүүчүлөрүн Азия жана Европанын кинорежиссерлору, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн турган калыстар тобу аныктайт. Бул жылы калыстар тобун филиппиндик кинорежиссер, Канн кинофестивалынын жеңүүчүсү Брианте Мендоза жетектейт. Ага Гита Саеди Кили, Удая Прасанна Витанаж, Ринту Томас, ошондой эле Баян Алагузова, Вячеслав Абрамов, Руслан Акун, Умида Ахмедова жана Анна Чубинидзе көмөктөшүшөт. Alternativa Film Awardsтын уюштуруу комитети номинанттарды жана сыйлык ээлерин аныктоого катышпайт.

Жаңы Alternativa Film Awards кино сыйлыгы калктын калың катмарын кызыктырып, позитивдүү социалдык өзгөрүүлөрдүн себепчиси боло алчу кинотасмаларга колдоо көрсөтөт. Бул маанилүү социалдык жана маданий маселелерди көтөргөн, ошондой эле элдин жана жергиликтүү жамааттардын жашоосуна таасирин тийгизген тасмалар. Alternativa Film Awards кино сыйлыктары менен импакт-сыйлыктарынын ыкмаларын айкалыштырып, фильмдердин көркөмдүк артыкчылыктарын да, алардын социалдык таасирин да (импакт) баалайт.

Сыйлыктын жалпы байге фонду 2023-жылы $100 000 түзүп, беш номинация боюнча ыйгарылат: **Future Voice** (кино индустрия жана коомдогу өзгөрүүлөргө чоң салым кошо ала турган режиссёр үчүн), **Spotlight** (мурун жалпы коомчулуктун көз жаздымында калып келген маанилүү теманы же окуяны чагылдырган кино үчүн), **Alter** (социалдык курч маселелер жана өзгөртүүгө түрткү бере турган кино үчүн), **Nativa** (улуттук же маданий иденттүүлүк маселелерин камтыган кино үчүн) жана **Short Awards** (Борбор Азиянын фокустук аймагынан кыска метраждуу кино үчүн). Андан сырткары сыйлоо аземинде көрүүчүлөрдүн купулуна толгон кино үчүн **Resonance** атайын сыйлыгы да ыйгарылат (байгесиз). Alternativa Film Awardsтын байгелери адилетүү бөлүнөт, б.а. бардык байге ээлери $ 20 000 өлчөмүндө сыйлыкка ээ болот.

# # #

Alternativa Film Awards – inDrive глобалдык технологиялык компаниясы тарабынан 2023-жылы Борбор Азияда түзүлгөн эл аралык коммерциялык эмес Alternativa Film Project долбоорунун бир бөлүгү. Долбоор өнүгүп келе жаткан киноиндрустиядагы киночулардын кыймылын колдоо жана өнүктүрүү үчүн түзүлгөн. Анын миссиясы – биздин дүйнө жөнүндө түшүнүгүбүздү кеңейтип, аны жакшы жакка өзгөртүүгө жардам бере турган эмгектердин авторлорун дүйнөлүк аренага таанытуу; алардын профессионалдык өсүүсүнө жардам берүү, локалдык киноиндустрия жана кинокоомчулуктарынын өнүгүшүнө күчтүү таасир этүү. Alternativa Film Project – көчмөн-долбоор болуп, бир өлкөдөн экинчи өлкөгө көчүп, өз аймагын тынымсыз кеңейтип турат. 2023-жылдагы негизги демилгелер катары Алматы жана Бишкектеги Alternativa Film Labs алкагындагы үч билим берүү программасын айтууга болот. Ал эми эң негизги иш-чара 2-декабрда Алматыда өтө турган “Alternativa” эл аралык киносыйлыгынын биринчи тапшыруу аземи.

**Медиа байланыштар**

Анна Васильева
anna.vasilyeva@alternativa.film